| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Илимий-техникалык кеңешинин 2019-жылдын 16-июлундагы №5 чечими менен жактырылды | | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Коллегиясынын 2019-жылдын 19-июлундагы №31 токтому менен бекитилди |
|---|---|---|

**“Мыкты инновациялык стартап – BIS (Best Innovative Startup)”**
**Республикалык конкурсун өткөрүү жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1** Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 6-июлундагы токтому менен бекитилген 2017–2021-жылдары Кыргыз Республикасында Интеллектуалдык менчикти өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-февралындагы № 79 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2022-жылга чейинки мезгилде илимий-инновациялык өнүтүрүү концепциясына ылайык иштелип чыккан жана **“Мыкты инновациялык стартап – BIS (Best Innovative Startup)”** конкурсун (мындан ары – Конкурс) уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт.

**1.2** Конкурс жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Конкурсту өткөрүүнүн шарттарын жана тартибин аныктаган документ болуп саналат, долбоордун уюштуруучулары менен анын катышуучуларынын ортосундагы өз ара иштешүүнүн жалпы эрежелерин белгилейт.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

| | |
|---|---|
| **Стартап-долбоор** | Намыскөй, инновациялык идеялары бар ишмердүүлүк долбоору жана келечектүү өнүм. Кайсы болбосун стартаптын идеясы, дүйнөдө мурда мындай болбогон жаңычылдыкта, жаңы өнүмдө, жаңы технологияда болуп саналат. |
| **Өтүнмө** | Конкурска катышууга өтүнмө ушул Жободо каралган тиркелген документтер менен анткетанын жардамы аркылуу толтурулат. |
| **Уюштуруучу жана ыйгарым укуктуу орган** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (мындан ары – Кыргызпатент) |
| **Конкурстун катчылыгы** | Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – ИМ Мамфонду) |
| **Конкурстун өнөктөштөрү** | - “Мен Кыргызстанды инвестициялайм” коомдук бирикмеси,<br>- «Business Professionals Network (BPN)» КБсы,<br>- «KGLABS» КФсы,<br>- Россия-Кыргыз өнүгүү фонду,<br>- «Энактас Кейджи Тимс» КБсы,<br>- «Accelerate Prosperity», «Демилгелүү жаштар» долбоорунун алкагында USAID Kyrgyz Republic финансылаган өнүктүрүү боюнча Ага Хан Уюмунун демилгелери. |

| | |
|---|---|
| **Конкурстун катышуучулары** | Конкурска катышууга өтүнмө берген Кыргыз Республикасынын жараны. Конкурстун катышуучулары жекече дагы, долбоордук топтун алкагында (2 жана андан көп адам) дагы катышса болот. Эрезеге жете элек адам дагы конкурстун катышуучусу боло алат. |
| **Долбоордук топ** | Стартап-долбоорун ишке ашырууга тартылган эки жана/же андан көп адамдан турган Кыргыз Республикасынын жарандарынын тобу. Долбоордук топтун курамы Өтүнмөдө көрсөтүлөт. |
| **Калыстар тобу** | Конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктаган эксперттик топ.<br>Калыстар тобунун мүчөлөрү Калыстар тобунун ишине акысыз негизде катышат жана ушул Жобонун №2 тиркемесине ылайык долбоорду баалайт |
| **Ментор/ Насаатчы** | Бизнести жүргүзүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча Катышуучуларга консультация берүү үчүн Конкурстун алкагында тартылган тажрыйбалуу ишкер же жогорку квалификациялуу адис. |
| **Питчинг** | Бул стартап-долбоорун каржылоого даяр инвесторлорду табуу максатында стартап-долбоорунун оозеки же көргөзмөлүү бетачарын жасоо. |
| **Конкурстун жеңүүчүсү** | Калыстар тобунун чечиминин жыйынтыгы боюнча баллдардын жогорку санын топтогон финалист. |
| **Бизнес-модель** | Ишмердүүлүктүн концептуалдык сыпаттамасы (бизнес-процесстерге өз ара байланышкан бардык системалардын ишмердүүлүгүн толук көрсөтүүгө жана талдоого арналган, бизнес жөнүндө жөнөкөйлөтүлгөн сунуштама). |
| **Конкурстук комиссия** | Конкурстун биринчи турунда мүмкүнчүлүгү бар өтүнмө ээлерин алдын ала тандоону жүргүзгөн комиссия |

## 3. Негизги жоболор

| | | |
|---|---|---|
| **3.1** | **Конкурстун максаты** | - комплекстүү көйгөйлөрдү чечүүдө инновациялык мамилелерди өнүктүрүү;<br>- инновациялык технологияларга жана ойлоп табууларга кызыкчылыктарды жогорулатуу;<br>- бир кыйла келечектүү стартап-долбоорлорду ишке ашыруу. |
| **3.2** | **Конкурстун милдети** | - ата мекендик инновациялык экосистеманы өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзүү;<br>- Кыргыз Республикасында ойлоп табуучулук жана инновациялык ишмердүүлүктө жарандардын активдүүлүктөрүн жогорулатуу;<br>- Инновациялык ишмердүүлүк жаатында ишмердүүлүк чөйрөсүн түзүүгө мүмкүндүк берүү;<br>- жаңы баштоочу ишкерлерге демилге берүү жана колдоо. |
| **3.3** | **Конкурстун уюштуруучусу** | Төмөнкүлөрдү камсыз кылат:<br>- конкурстун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды;<br>- коомчулукка Конкурс жөнүндө маалыматтарды жеткирүүнү;<br>- алардын расмий жарыяланган датасынан мурда Конкурстун натыйжалары тууралуу маалыматтарды жайылтууга жол бербөөнү. |
| **3.4** | **Конкурстун катышуучулары же долбоордук** | Конкурска катышууга бир же бир нече өтүнмө бере алат. |

| | | |
|---|---|---|
| | **топтун өкүлү** | |
| **3.5** | **Конкурстун жеңүүчүлөрүнүн саны** | Жеңүүчүлөрдүн саны Калыстар тобунун чечими менен аныкталат. |
| **3.6** | **Конкурсту ишке ашыруу мезгили** | Август 2019-ж. – Апрель 2020-ж. |
| **3.7** | **Конкурс өткөрүлүүчү жер** | Бишкек ш. |

**4. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби**

| | | |
|---|---|---|
| **4.1** | **Өтүнмөнү кабыл алуу:**<br>**2019-жылдын 1-августунан 31-декабрына чейин** | Катчылык жана өнөктөштөр тарабынан өткөрүлгөн Конкурс жөнүндө ЖМКларда чагылдыруу боюнча маалыматтык иштер жүргүзүлөт.<br><br>Конкурска катышуу үчүн Катышуучулар тарабынан ушул Жобонун №1 Тиркемесине ылайык Өтүнмөнүн формасы толтурулат.<br><br>Өтүнмө жана керектүү материалдар *720021 Бишкек ш., Москва көч., 62, ИМ Мамфонду дареги боюнча,* же fund@patent.kg электрондук дареги боюнча кабыл алынат.<br><br>**2019-жылдын 31-декабрынан кеч** келип түшкөн өтүнмөлөр **каралбайт.**<br><br>Конкурсту өткөрүүнүн мөөнөтү узартылган жана башка өзгөрүүлөр болгон учурда Катчылык кошумча маалыматтарды же жаңы шарттарды Кыргызпатенттин www.patent.kg жана ИМ Мамфондунун www.fund.patent.kg расмий сайтында жарыялайт.<br><br>Катчылык Катышуучудан керектүү материалдарды кабыл алат жана Өтүнмөнү каттайт. Өтүнмөнүн толуктугуна жана комплектүүлүгүнө текшерүү жүргүзөт жана керек болгон учурда Конкурска тиешеси бар кошумча маалыматтарды сурайт.<br><br>Конкурска катышууга өтүнмө Конкурска катышууга талаптанган мүмкүнчүлүктүү Катышуучунун ушул Жободо каралган талаптар жана шарттар менен макулдугун көрсөтүүнүн формасы болуп саналат.<br><br>Конкурстун катышуучуларынын тизмеси Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарына жайгаштырылат. |
| **4.2** | **Биринчи тур**<br><br>Январь, 2020-ж. | Катчылык Өтүнмөнүн стартап-долбоорунун коюлган максаттарына жана милдеттерине жана бизнес-моделди иштеп чыгуунун сапатына дал келишине алдын ала тандоону жүргүзгөн Конкурстук комиссияны түзөт.<br>Алдын ала тандоо боюнча Конкурстук комиссиянын кабыл алган чечими протокол менен таризделет.<br>Алдын ала тандоонун жыйынтыгы Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарына жайгаштырылат. |
| **4.3** | Катышуучуларды | Конкурстун Катчылыгы биринчи турдан өткөн Катышуучулар үчүн |

| | | |
|---|---|---|
| | окутуу<br><br>Февраль, 2020-ж. | менторлорду тартуу менен семинар-тренинг (долбоор боюнча окутуу жана консультация берүү) уюштурат.<br>Контент жана окутуучу семинар-тренингдин графиги Конкурсту өткөрүү боюнча Өнөктөштөр менен макулдашуу боюнча түзүлөт. |
| **4.4** | **Экинчи тур**<br><br>Март, 2020-ж. | Катчылык кесипкөй эксперттерден турган Калыстар тобун түзөт жана экинчи турду өткөрөт.<br>Калыстар тобу Катышуучунун көрсөтүүгө 5 мүнөттөн ашык эмес убакыт берилген бетачарын угат.<br>Бетачар ушул Жобонун №1 тиркемесине ылайык маалыматтарды камтышы керек.<br>Калыстар тобунун мүчөлөрү долбоорлорду ушул Жобонун №2 тиркемесине ылайык баалашат.<br>Конкурстун финалисттерин тандоо боюнча Калыстар тобунун кабыл алынган чечими протокол менен тариздеmet.<br>Экинчи турдун жыйынтыгы Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарына жайгаштырылат. |
| **4.5** | Кесиптик окутуу<br><br>Март, 2020-ж. | Катчылык менторлорду жана өнөктөштөрдү, анын ичинде чет өлкөлүктөрдү тартуу менен бизнес-пландаштыруу, маркетингдик көндүмдөр жана питчинги боюнча окутуу уюштурат. |
| **4.6** | **Үчүнчү тур – Конкурстун финалы**<br><br>Апрель, 2020-ж. | Финалисттер Конкурстун финалын өткөрүүнүн орду жана убактысы жөнүндө Катчылык тарабынан 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде кабарландырылат.<br>Конкурстун финалисттери Калыстар тобунун жана инвесторлордун алдында стартап-долбоорун коргошот.<br>Артыкчылыктуу тартипте жогору баалоо тапшырыкчылардын (чарба жүргүзүүчү субъектилер) алдын ала макулдашуулары бар стартап-долбоорлорго берилет.<br>Конкурстун жеңүүчүлөрү жөнөкөй көпчүлүк ачык добуш берүү жолу менен белгиленет. Добуштар тең болуп калган учурда, Калыстар тобунун төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат. Калыстар тобунун чечими протокол менен тариздеmet.<br>Конкурстун жеңүүчүлөрүнө финансылык каражаттарды бөлүштүрүү жөнүндө Калыстар тобунун чечими ыйгарым укуктуу органдын кароосуна киргизилет.<br>Өткөрүлгөн Конкурстун жыйынтыгы Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайттарына жайгаштырылат. |

## 5. Конкурстун жеңүүчүлөрүн финансылоонун тартиби

| | |
|---|---|
| **5.1** | Финансылык каражаттар бизнес-моделге ылайык долбоорду ишке ашыруунун шарттары каралган Келишим түзүлгөндөн кийин кайтарылбас негизде бөлүштүрүлөт. Келишимге чыгымдардын сметасы тиркелет. |
| **5.2** | Конкурстун жеңүүчүсүнүн бир стартап-долбоорун ишке ашырууга 500 000 (беш миң) сомго чейин бөлүнөт. |
| **5.3** | Инвесторлор тарабынан келечектүү стартап-долбоорлорун финансылоо жактырылат. |
| **5.4** | Катчылык долбоорду ишке ашырууга мониторингди жүзөгө ашырат жана берилген акча каражаттарын максаттуу пайдаланууну контролдойт. |
| **5.5** | Финансы каражаттары башка үчүнчү жакка (камкорчудан тышкары) берилбеши керек. |

## 5. Конкурстун Катышуучуларынын жана Уюштуруучуларынын укуктары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| **Катышуучулар:** | |
| **6.1** | Конкурстун Катчылыгынан Конкурстун мөөнөттөрү жана эрежелери жөнүндө маалыматты алууга укуктуу. |
| **6.2** | Ушул Жободо белгиленген мөөнөттө, ушул Жободо көрсөтүлгөн Конкурска катышууга жана грант алууга байланышкан бардык талаптарды аткарууга милдеттүү. |
| **6.3** | Конкурска катышуу менен Катышуучулар ушул Жобо менен өзүнүн макулдугун тастыкташат. |
| **6.4** | Конкурстун Катышуучулары Конкурска катышууга Өтүнмөнү тариздөөдө керектүү анык маалыматтарды көрсөтүүгө жана берүүгө милдеттүү. |
| **6.5** | Ушул Жобого ылайык Конкурстун Катышуучулары Конкурска катышуу максатында персоналдык маалыматтарды, анын ичинде: фамилиясын, атын, атасынын атын, телефон номерин жана электрондук почтасынын дарегин пайдаланууга макулдук берет. Конкурстун Катышуучулары санкцияланбаган жарыялоодон маалыматтарды коргоонун керектүү чараларын кепилдик кылган Катчылык менен Конкурсту өткөрүү максатында персоналдык маалыматтарды жыйноого, сактоого, пайдаланууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга макулдукту тастыктайт. Катышуучулар үчүнчү жактын өзгөчө укуктарын бузбоого кепилдик берет. |
| **6.6** | Катышуучулар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык автордук жана патенттик укуктарды бузуу үчүн жарандык-укуктук жана административдик жоопкерчиликте болот. |
| **Уюштуруучу:** | |
| **6.7** | Ушул Жобого ылайык Конкурсту токтотууга жана Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайтына кабарландырууну жайгаштыруу жолу менен Катышуучуларга билдирүүгө укуктуу. |
| **6.8** | Катышуучулар:<br>- Калыстар тобунун чечимине таасир эте турган анык эмес маалыматтарды берген, же маалыматтарды жашырган;<br>- үчүнчү жакка таандык укуктарды, интеллектуалдык менчик объектилерин мыйзамсыз пайдаланган учурларда финансылоодон баш тартууга/токтотууга укуктуу. |
| **6.9** | Тиешелүү документтерди (үчүнчү жак (тапшырыкчы) менен келишимдин көчүрмөсүн, төлөм эсебин, төлөм тапшырмасын, товардык коштомо кагазын ж.б.у.с.) суроого укуктуу. |

*№1 тиркеме*

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (Кыргызпатент)**

**“Мыкты инновациялык стартап - BIS (Best Innovative Startup)”**
**Республикалык Конкурсуна катышууга**
**Ө Т Ү Н М Ө**

Өтүнмөнү карап жана аны “Мыкты инновациялык стартап - BIS (Best Innovative Startup)” Конкурсунун Катышуучуларынын катарына кошуп коюңузду суранам.

| | |
|---|---|
| Өтүнмө ээсинин аты-жөнү, туулган датасы | |
| Долбоордук топтун курамы (аты-жөнү), Долбоордук топтун бардык мүчөлөрүнүн туулган даталары | 1.<br>2.<br>3.<br>4. |
| Өтүнмө ээсинин жашаган дареги (факт жүзүндө) | |
| Өтүнмө ээсинин почта дареги | |
| Өтүнмө ээсинин E-mail | |
| Байланыш телефону (уюлдук) | |
| Стартап-долбоорунун аталышы | |

Мен, Конкурс жөнүндө Жободо жазылган Конкурстун шарттары менен тааныштым жана макул экенимди тастыктайм.

Мен, бул Өтүнмөдө көрсөтүлгөн бардык маалыматтар Өтүнмө берген учурга карата анык болуп саналгандыгын тастыктайм.

Мен, Конкурстун Катышуучуларын, финалисттерди жана Конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоо боюнча Уюштуруучулардын жана Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн чечими акыркы болуп саналарына макулмун.

Өтүнмө ээсинин аты-жөнү (толук): ____________________________________________________

Колу: ____________

Датасы:______________

| |
|---|
| **1. Стартап-долбоорунун аталышы** |
| |
| **2. Ишмердүүлүктүн түрү**<br>*(өндүрүш, соода, кызмат көрсөтүү ж.б.)* |
| |
| **3. Долбоордун актуалдуулугу жана практикалык маанилүүлүгү**<br>*(стартап-долбоорун ишке ашыруунун зарылдыгын, керектүүлүгүн жана пайдалуулугун кыскача түшүндүрүү, 200 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **4. Долбоордун максаттары жана милдеттери**<br>*(долбоор "эмне" аткарарын жана максатты ишке ашыруудагы конкреттүү аракеттерди жазуу, 200 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **5. Долбоордун инновациялык, экономикалык же социалдык жаңычылдыгы**<br>*(300 сөздүн ашык эмес)* |
| |
| **6. Бизнес-модель**<br>*(Долбоорду ишке ашыруу этабы, 2 беттен ашык эмес)* |
| |
| **7. Долбоорду жүзөгө ашыруу үчүн керектүү ресурстар (финансы)**<br>*(200 сөздүн ашык эмес)* |
| |
| ***8.* Долбоордун күтүлгөн натыйжалары**<br>*(200 сөздөн ашык эмес)* |
| |
| **9. Тапшырыкчынын (үчүнчү тараптын) бар экендиги жөнүндө маалымат** |
| |
| **10. Долбоорду ишке ашырууда болуучу тобокелдиктер** |
| |